Бакыт байрагы

Сөзү: Журсунбеков Саламат
Обону: Джумабеков Арсен

Көңүлүм соолубайт,
Кыялдар түбөлүк,
Кызыл күн батканда.
Жылдызым түгөнбөй,
Түн кетип жанымдан,
Ак таңдар атканда
Жараткан жазганы,
Бүйрүган өзүмө.
Бактымды тапканда,
Жомокко айланып,
Бакыттын байрагы,
Желбирейт асманда
Түгөнбөгөн сүйүү болсо гана сенин жолуңда,
Өмүрдүн кызыл гүлү түбөлүккө соолуба
Бакытым колуңда
Жарыгым жолуңда.
Айланып ар бир күнүм
Тирүүлүктүн жомогуна
Кармадым колума,
Бакыттын байрагы
Азаптар отунда, жомогунда.
Кайгылар баспаган,
Көңүлдү муздаткан
Карангы түндөрдү
Жаштыктын илеби
Толтурган бакытка
Жалындуу дүйнөмдү
Кубанам ар дайым,
Бакыттын байрагы
Арманым түгөндү,
Ар күнү тагдырлар
Өзүмө тартуулайт
Бактылуу күндөрдү
Түгөнбөгөн сүйүү болсо гана сенин жолуңда,
Өмүрдүн кызыл гүлү түбөлүккө соолуба
Бакытым колуңда
Жарыгым жолуңда.
Айланып ар бир күнүм
Тирүүлүктүн жомогуна
Кармадым колума,
Бакыттын байрагы
Азаптар отунда, жомогунда.